**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 12-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 05- декабры № 129 Манас айылы

**Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгуу тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу**

Жайыт жерлерин башкаруу чөйрөсүндөгү укуктук ченемдик базаны өркүндөтүү жана өнүктүрүү, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомун жетекчиликке алып, Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX - чакырылышынын кезексиз 12-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча 5-жылдык иш планы бекитилсин жана 35 000 долларды түзгөн ПУРПС-АДАПТ проекти жазууга уруксат берилсин.

2. Токтом менен иш алып баруу жагы жайыт комитетинин төрагасы Б. Кашкаралиевке милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 12-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 05- декабры № 130 Манас айылы

**Дем берүү үлүштүк грантка долбоорлорду өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагына караштуу Манас айылындагы таштанды полигонун техникалык талапка ылайык келтирүү жана Чоң-Алыш муниципалдык ишканасынын техникаларын жакшыртуу максатында дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор даярдоо боюнча талкуу жүргүзүп, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX - чакырылышынын кезексиз 12-сессиясы **токтом кылат:**

1. Манас айылындагы муниципалдык менчиктеги 1,60га таштанды полигонун курчоого жана " Беккари" чуңкурун оңдоп түзөөдөн өткөрүү үчүн дем берүүчү грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.

2. Чоң-Алыш муниципалдык ишканасынын спец.техникаралын күчтөө, муниципалдык кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу максатында фронталдык погрузчик алуу үчүн дем берүүчү грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.

3. Чоң-Алыш айыл аймагына, муниципалдык кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу максатында оор жүк ташуучу машина (самосвал shacman) алуу үчүн дем берүүчү грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.

4. Чоң-Алыш айыл аймагына, муниципалдык кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу максатында канализациялык саркынды ташуучу машина ( вакуумка ассенизатор) алуу үчүн дем берүүчү грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.

5. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго жүктөлсүн.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 12-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 05- декабрь № 131 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагынын жер салыгынан кенемтөөсүнөн (компенсация) түшө турган акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын төртүнчү кварталында республикалык бюджеттен келип түшө турган жер салыгынын кенемтөөсүнөн(компенсация) 1844900сом акча каражатын бөлүштүрүү боюнча талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш IX чакырылышынын кезексиз 12-сессиясы **токтом кылат:**

1.Төртүнчү кварталда жер салыгынын кенемтөөсүнөн(компенсация) түшө турган жалпы 1844900 сом акча каражатын төмөндөгүлөргө жумшоого уруксат берилсин.

-жер салыгынан 861 000 сом
- транспорт алып 983 900 сом
- аппарат кызматкелерине чарба товарларын алууга 200 000сом;
- бала бакчаларга чарба буюмдарын алууга 200 000сом;
- технадзордун кызмат көрсөтүүсүнө 300 000сом;
- архитектуралык иш кагаздарга (долбоор даярдоого, ГЗ, топосъемка, ж. б.)-1 144 900сом.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго жүктөлсүн.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшепалиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 12-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 5-декабры № 132 — Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги күнүмдүк суу топтоочу бассейиндерди Суу ресурстары кызматына өткөрүп берүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас, Кара-Суу айылындарында жайгашкан күнүмдүк суу топтоочу бассейиндерди Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүүөнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстар кызматынын балансына өткөрүп берүү боюнча Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX - чакырылышынын кезексиз кеңешмеси **токтом кылат:**

1. Манас айылындагы "Чырканак" участогунун 1428-1427-1425-чөйрө сызыктарындагы жалпы аянты 1,20 га күнүмдүк суу топтоочу бассейинин (БСР) Суу ресурстар кызматынын менчигине өткөрүүгө макулдук берилсин.

2. Манас айылындагы "Чырканак" участогунун 1390-чөйрө сызыктарындагы жалпы аянты 2,90 га күнүмдүк суу топтоочу бассейинин (БСР) Суу ресурстар кызматынын менчигине өткөрүүгө макулдук берилсин.

3. Кара-Суу айылындагы "Присельный" участогунун 1670-чөйрө сызыктарындагы жалпы аянты 2,40 га күнүмдүк суу топтоочу бассейинин (БСР) Суу ресурстар кызматынын менчигине өткөрүүгө макулдук берилсин.

4. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго жүктөлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** — **Т.Бейшеналиев**